Математика жана информациялык технологиялар факультетинин ИТАС кафедрасынын “ИВТ жана ИЗ бакалавр, магистрдик программалары үчүн НББПсын, жумушчу окуу программасын, окутуу максаттарын жана натыйжаларын, стратегиялык пландарын жана баалоо критерийлерин иш берүүчүлөр, окутуучулар жана студенттер менен биргеликте талкуулоо” деген тегерек стол жыйынынын

**№11 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

*30-декабрь, 2020-жыл.*

*Төрага:* У.Д. Молдояров
*Катчы:* М. Токтосун кызы
*Катышкандар*: АССТ кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*

“ИВТ” жана “ИЗБИ” бакалавр, магистрдик программалары үчүн НББПсын, жумушчу окуу программасын, окутуу максаттарын жана натыйжаларын, стратегиялык пландарын жана баалоо критерийлерин иш берүүчүлөр менен биргеликте талкуулоо

**Угулду:**

*Молдояров У.Д. (АССТ кафедрасынын башчысы, доцент):* 2020-жылдын 19-декабрында “ИВТ” жана “ИЗ” бакалавр, магистрдик программалары үчүн НББПсын, жумушчу окуу программасын, окутуу максаттарын жана натыйжаларын, стратегиялык пландарын жанабаалоо критерийлерин иш берүүчүлөр менен биргеликте талкуулоо деген тегерек столго кош келиңиздер. Биз сиздер менен ИЗБИ, ИВТ багыттарынын окуу пландарын талкуулап,сиздерден түшкөн сунуштар менен иштөөбүз зарыл деп сиздер менен жолугушуп отурабыз.

Кафедра башчысы тарабынан бүгүнкү жыйындын планы айтылып, ИЗБИ, ИВТ багыттарынын окуу пландары жана НББПлары боюнча кеңири маалымат берилди.

*Беделова Н. (ИТАС кафедрасынын доценти)*: Бүгүнкү конференциягабир нече мекеме-ишкананын өкүлдөрү катышып отурасыздар. Биздин негизги максатыбыз НББПнын мазмуну кеңири талкуулоо жана ИЗБИ, ИВТ багыттары боюнча окуу пландарынын вариативдик бөлүктөрүнө сиздер сунуштаган дисциплиналарды киргизүү. Биз жылда ушундай жолугушууларды өткөрүп анын натыйжасында бир нече өзгөрүүлөр болду окуу планда. Быйыл дагы сиздерден сунуштарды күтөбүз. Ал сунуштардын үстүнөн биз дагы иштеп жатабыз.

**Жарыш сөз:**

*Кыштообаев О. (“Кадастр” мамлекеттик мекемесинин Ош филиалынын маалыматтык технологиялар бөлүмүнүн башчысы):* Мен ИВТ адистигинин жумушчу окуу планын карап чыктым. Себеби мен ошол багытта адисмин. Бул жерде “Защита информации” деген дисциплина бар экен. Ошонун мазмуну канчалык деңгээлде ачылган. Эгерде дисциплиналар боюнча түзүлгөн жумушчу программаңыздарды же ОМКларды көрсөтсөңүздөр мен карап чыгып, рецензия жазып бергенге даярмын. Себеби замандын талабына жараша программалоо тилдерин өтпөсөңүздөр анда ишкана- мекемелерде бүтүрүүчүлөр иштей албай калышат. “1С Предприятие” дисциплинасынын да жаңы версиясын (8.3. версиясын) өтүңүздөр деген талапты койгонбуз. Менин дагы негизги сунушум ИВТ адистигинин студенттери сөзсүз түрдө англис тилин билүүсү керек. Себеби айылдан келген логикасы күчтүү балдар бар бирок, англис тилин билбейт. Ошондуктан “Техникалык англис тили” адистигин киргизсеңиздер жакшы болмок эле. Кийинки сунушум “Облачное программирование”, “Система администрирование”

дисциплиналарын да киргизсеңиздер жакшы болмок.

*Юрченко Денис (“ОсОО ДОК”, 1С боюнча адис):* менин сунушум программист техникалык маселелерди чечүүсү керек. Техникалык маселерди чечүүнү студенттерге үйрөтүү керек. XXI кылымда техниканын зор темпте өнүгүүсүнүн натыйжасында заманбап дисциплиналарды окуу планга киргизүү зарыл деп эсептейм. “Робото техника” дисциплинасын киргизүүнү сунуш кылат элем.

*Матикеев Т.К. (ОшМУнун өндүрүштөр менен байланыш департаментинин директору):* студент квалификациялык жумушун өндүрүш менен байланыштырып, өндүрүштөгү жетекчилер менен биргеликте темаларды тандап алып, ошонун үстүнөн иштесе жакшы болмок. Бул жерде менин байкашымча иш берүүчүлөр бизге абдан кызыктар, башкача айтканда жардамдашалы, жумуштарга рецензия берели деп жатышат. Бул абдан жакшы нерсе. Колдошубуз керек. Студент программалоонун кайсы багытаны жөндөмү күч болсо, шыктуу болсо, ошол багыттагы ошол багыттагы иш берүүчүлөргө жөнөтүп, алар менен байланыш уюштурушубуз керек.

*Эркулова С. (“Манас” мекемесинин директор):* менин оюмча квалификациялык жумуштарга абдан көңүл бурулуш керек деп эсептейм. Жогорудагы сунушту колдойм.

*Маманова Г.А. (ОсОО “Ооруба” Медлайн жетекчиси)*: биз деле программистерге муктаж болуп атабыз. Санариптештирүү боюнча азыркы мезгилде программистер керек болуп жатат. Жогорудагы “Техникалык чет тили” дисциплинасын киргизүү деген сунушту колдойт элем мен дагы.

*Турсуналиев Т. (Финансы директору ОсОО “Мегаполис” группа)*: жумушчу окуу планын көрдүм. “Camtasia studio для создания видео уроков”, “Разработка мобильных приложений на платформе Android Studio” жана “Видео монтаж” ушул сыяктуу дисциплиналардын аталышын кеңири чөйрөдө берсеңиздер жакшы болмок. Андан сырткары ИЭТ багытына “Электроные деньги”, “Электронная коммерция” деген дисциплиналарды киргизсениздер жакшы болмок деген сунушту айта алам.

*Жолдошев Толкун (ОАО МАМ Ош филиалы, СИТС начальниги):* университетин материалдык базасы жакшы деп ойлойм. Сиздер замандын талабына жараша лабораториялык класстарды ачсаңыздар жакшы болот эле.

*Омүрбекова Каныкей ("Бэман" дарылоо-диагностикалык борборунун финансылык директору):* жумушчу программаны карап чыгып, көбүрөөк чет тилге басым жасасаңыздар жакшы болмок эле деген сунушту айтам.

*Замирбекова С.К. (ИЗ(б)-1-17 группасынын студенти):* ИЗБИ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планды карап чыктык. Жакшы түзүлүптүр. Менин тандоо курстары боюнча жеке оюм бар эле. Ошол тандоо курстарына заманбап компьютердик тиркемелерди иштеп чыгып жаткан программаларды окуутуу боюнча сабактарды киргизсек кандай болот? Бул боюнча биз группалаштар менен көп жолу сүйлөшүп талкуулап жүрөбүз. Мисалы, “Web программалоо” деген сабактар кирсе деген ойдомун.

*Полотов А. (АСБ(б)-1-19 группасынын студенти):* Биз программалоо багыты боюнча окуп жаткандыктан негизги программалоо тилдери 1 -2-курстарда пландаштырылса жакшы болот эле. Себеби 4 -курска келгенде алган билимдерибизди практика жүзүндө ишканаларда колдосок максатка ылайыктуу болмок. Биз айткан сунуштар да эске алынса деп ойлойм. Негизинен ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019 - 2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык план жакшы түзүлүптүр.

*Талипов Алманбет (ПОВ(б)-1-17 группасынын студенти):* ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы менен таанышып чыктык. Бул жерде куратор айтып өткөндөй иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин жана ата-энелердин сунуштары эске алыныптыр. Биз дагы жакшы сунуштарды берсек, бизден кийин окуган студенттерге да пайдасы тиет деген ойдомун. Мисалы, сырткы мобилдүүлүк боюнча бизде жакшы иштер жүргүзүлүп жатат. Биз ички мобилдүүлүк боюнча БАТМУга, ОшКУУга, ОшТУга жана Бишкектеги ЖОЖдорго барып ошол ЖОЖдор менен маалымат алмашсак жакшы болот эле деген ойдомун.

**ЧЕЧИМ:**

1. “ИВТ” жана “ИЗБИ” бакалавр, магистрдик программалары үчүн НББПсын, жумушчу окуу программасын, окутуу максаттарын жана натыйжаларын, стратегиялык пландарын жана баалоо критерийлерин иш берүүчүлөр менен биргеликте талкуулоо” аттуу тегерек столдогу талкуулоодогу сунуштарды эске алынсын;
2. Аны көзөмөлдөө кафедра башчысы У.Д. Молдояровго жүктөлсүн

Кеңешменин төрагасы: Молдояров У.Д.

Катчы: Токтосун кызы М.